| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 79 Манас айылы

**Жер тилкесин турак жай багытынан соода сатык багытына которуу жөнүндө**

Чоң - Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Базаркулов Галымжанга тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 12 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-0072) жер тилкесин турак жай багытынан соода сатык багытына которуу максатында жазылган арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12 - беренесин жетекчиликке алып **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Базаркулов Галымжан Чубаковичке тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек № 12 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-0072) 0,20 чарчы метр жердин турак жай куруу багытынан, соода сатык багытына которууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 80 — Манас айылы

**Чырканак кум карьери жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын Чырканак сайында жайгашкан кум карьерди иштетүү боюнча карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Манас айылынын Чырканак сайында жайгашкан кум карьерин Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына иштетүүгө ижарага берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 81 — Манас айылы

**Чат-Базар айылынын тургуну Акылбеков Бакыт Жолдошбекович жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну жардамга муктаж аз камсыз үй-бүлө Акылбеков Бакыт Жолдошбекович жаман оруу менен ооруп калгандыгы боюнча карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чат-Базар айылынын тургуну Акылбеков Бакыт Жолдошбековичтин эки жамбаш сөөгүн которуу операциясына айыл өкмөтүнүн резервдик фондтон 40 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз**
**7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 82 — Манас айылы

**Кабылбекова Айжан Кылычбековна жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылында жайгашкан Ш. Жумагулов атындагы орто мектебинин окуучусу Кабылбекова Айжан Кылычбековна кыз-келиндер күрөшү боюнча Вьетнам мамлекетинин Вунгтау шаарында өтө турган Азия чемпионатына баруу боюнча карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын кыз-келиндер күрөшү боюнча 0-17 арасындагы улуттук курама командасынын мүчөсү Кабылбекова Айжан Кылычбековнага Вьетнам мамлекетинин Вунгтау шаарында өтө турган Азия чемпионатына катышуу үчүн жол акысына 30 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 83 Манас айылы

**Кожомкулов Казымурат Орозбековичтин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын батыш-түндүк тарабынын № 952 чөйрө сызыгында жайгашкан 0,60га жер боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын батыш-түндүк тарабынын № 952 чөйрө сызыгында жайгашкан, өздөштүрүлүп бак-дарак тигилген 0,60га жер аянтчасына Кожомкулов Казымурат Орозбековичтин ысымы ыйгарылсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 84 — Манас айылы

**Чат-Базар айылындагы спорт залга Көкөев Бегимкул Батырбековичтин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылында жайгашкан спорт залга Көкөев Бегимкул Батырбековичтин ысымын ыйгаруу боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылында жайгашкан спорт зал Көкөев Бегимкул атындагы спорт залы болуп аталсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 85 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылында жайгашкан Аккайың жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын батыш түндүк жагында жайгашкан Аккайың тигилген 5га жайыт жер участкасын этностук туристтик багытта иштетүүчү ишкерлерге ижара берүү боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын № 952 чөйрө сызыгында жайгашкан 5га Аккайың тигилген жайыт жер участкасын аукцион-конкурстук негизде этностук туристтик багытта иштетүүчү ишкерлерге ижарага берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

**2025-жылдын 4-июну №86** **Манас айылы**

**Жерлерди бир категориядан башкасына которуунун же бир түрүнөн башкасына которуу (трансформациялоо) жөнүндө.**

“Жетиген – Карек” коомдук бирикмесинин төрагасы Т. Н. Мамбеталиев жана “Эр-солтоной” тобунун жетекчиси С.О. Эркинбаевдин Эр-Солтонойго арналган мемориалдык комплекс салуу боюнча жазган кайрылуусун карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги Чат-Базар айылынын №547 чөйрө сызыгындагы 0,17 га жер аянтын “Запастагы жерлер” категориясынын жайыт жерлер түрүнөн “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” мыйзамынын ылайык, жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтому жана жерге жайгаштыруу көктөмөсү Талас райондук мамлекеттик администрациясынын кароосуна жөнөтүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарды толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунуш даярдоо Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 87 Манас айылы

**Авто жол ремонт иштеринен чыккан таштандыларды таштоочу жайы боюнча**

Бишкек-Ош 193,4-245,4км авто жолунун орто ремонт иштеринен чыккан калдыктарды таштоо боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. "China Road and Bridge Corporation (CRBC)" кайрылуусунун негизинде Бишкек-Ош 193,4-245,4км авто жолунун орто ремонт иштеринен чыккан калдыктарды таштоого 224 км 15034 м$^2$ жер аянчасы бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 88 Манас айылы

**Чат-Базар айылындагы топурак карьери жөнүндө**

Чоң- Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылындагы № 1278 чөйрө сызыгында жайгашкан топурак карьерин иштетүү боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң- Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылында № 1278 чөйрө сызыгында жайгашкан топурак карьерди Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына иштетүүгө уруксат берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Торага** **Т.Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 89 Манас айылы

**Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылга карата бюджетин карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш муниципалдык ишканасынын 2025-жылга кошумча-алымчасы менен бюджети бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р. Кабыловко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

Чоң-Алыш айыл аймагынын
2025-жылдын 4-июнундагы
№ 89 токтому менен бекитилди

## Муниципалдык ишкананын 2025-жылга бюджети

| Киреше | | | Чыгаша | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Таза суу Чат-Базар 130тутун*100 сомдон*12 айга | 156 000 | **1** | Айлык акы | 1 287 204 |
| **2** | Больница | 100 000 | **2** | Соц.фонд | 196 796 |
| **3** | Оторбаев мектеби<br>Жанузаков мектеби | 40 000<br>40 000 | **3** | электроэнергия | 80 000 |
| **4** | Дс Эшалиева т.суу | 40 000 | **4** | Аркандай чыгымдарга | |
| **5** | ПОМ таза суга | 30 000 | **5** | Командировочный (тарнсп.чыгымы) | |
| | **Жалпы таза суудан** | **406000** | 6 | Жайыттын айлыгы | 115 896 |
| | | | 7 | Соц.фонд | 19 992 |
| 6 | Спец.техника | 200 000 | 8 | Жайыт иштерине | 564 112 |
| 7 | Тракторлордон | 300 000 | | **Итогу** | **2 264 000** |
| 8 | Мусор 1700 двор мындан 1000 эле тутун * 50 сомдон*9 айга | 300 000 | | | |
| 9 | Антенна Биллайн 12000*12 айга | 72 000 | | | |
| 10 | Антенна Мегаком 4000*12 | 48 000 | | | |
| 11 | Антена Нур телеком12000*12 эки жерде | 144 000 | | | |
| 12 | Субсидия а/о | 500 000 | | | |
| 13 | Жайыт | 700 000 | | | |
| | **итогу** | **2 264 000** | | | |

Чоң-Алыш муниципалдык
ишкананын жетекчиси Р. Кабылов

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 90 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл окмөтүнүн эркин каражаты жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн эркин каражатында турган 4 028 000 сомду айыл өкмөтүнүн зарыл иш чара чыгымдарга бөлүштүрүү боюнча карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Алыш айыл өкмөтүнүн эркин каражатында турган 4 028 000 сомдон:
   -Кара-Суу айылында жайгашкан Бермет апа бала бакчанын актовый залынын өздүк салымына жетпей калган 550 000сом ;
   -Манас айылында жайгашкан Б. Жанузаков орто мектебинин ачылышына карата мектептин ички жасалгалары үчүн 200 000 сом;
   -Айыл аймактын ирригация иштерине жетпей калган 550 000 сом;
   -№ 7 айылдык китепкананын кызматкеринин 6 айлык айлыгы үчүн 106350 сом;
   Айыл өкмөттүн майда-чүйдө иштери үчүн 130 000 сом;
   Жалпы 1 536 350 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОҢ-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 91 Манас айылы

**Жерлерди бир категориядан башкасына которуунун же бир түрүнөн башкасына которуу (трансформациялоо) жөнүндө.**

Чон-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Чокоев Чубактын арызынын негизинде, кошар жана чабан үй куруу боюнча жазган арызын карап көрүп, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы № 145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү" мыйзамын аткаруу багытында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 11-ноябрындагы № 665 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү туурасында" жобону жетекчиликке алып, мурдагы Өмүралиев айыл аймактык Кеңешинин 2024-жылдын 5-февралындагы №138 токтомуна өзгөртүү, толуктоо киргизүү максатында Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Мурдагы Өмүралиев айыл аймактык Кеңешинин 2024-жылдын 5-февралындагы №138 токтомунун 1-пунктуна өзгөртүү киргизилсин.

2. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги № 1368 чөйрө сызыгындагы "Чырканак" участогунан жалпы 0,10 га жер аянтын "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын курулуш алдындагы жерлер түрүнө которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

3. "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" мыйзамынын 9-беренесинин 6-пункттуна ылайык, жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтому жана жерге жайгаштыруу көктөмөсү Талас райондук мамлекеттик администрациясынын кароосуна жөнөтүлсүн.

4. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарды толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунуш даярдоо Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевке милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ЧОҢ-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 92 — Манас айылы

**Таза суу пайдалануучуларга тарифтик баа бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын таза суу пайдалануучуларга тарифтик баа бекитүү боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын таза суу пайдалануучуларга суунун тарифтик баасын чыгарып берүү боюнча антимонополия органына сунушталсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы Чоң-Алыш муниципалдык ишкананын жетекчиси Р. Кабыловко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОҢ-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 93 — Манас айылы

**Чоң-Алыш айылдык аймагында жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын негизинде, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айылдык аймагында жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартиби бекитилсин, тиркелет.
2. Токтом Мыйзам чегинде каттоодон өткөрүлүп, юстиция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

**Төрага** — **Т.Бейшеналиев**

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин
2025-жылдын 4-июнундагы № 93
токтому менен бекитилди

**Чоң-Алыш айылдык аймагынын жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартиби**

1. **Жалпы жоболор жана терминдер.**

1.1. Жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин бекитүү боюнча жергиликтүү кеңештин компетенциясын аныктоочу Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27, 34-беренелеринин 2-пунктунун 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул тартип Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө өзүнүн компетенциясынын чегинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө карата талаптарды белгилейт.

1.3. Негизги терминдер:

**Жергиликтүү маанидеги маселелер** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын түздөн-түз эркин билдирүү жолу менен чечилүүчү тиешелүү аймактагы калктын түрмүш-тиричилик аракеттерин камсыз кылуу маселелери;

**Компетенция** – мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык жактан белгиленген укуктар менен милдеттердин жыйындысы;

**Көзөмөл** – ыйгарым укуктуу орган тарабынан учурдагы кырдаалдын толуктугуна, аткаруучуга жүктөлгөн тапшырманын аткарышылынын сапатына, белгиленген көрсөткүчтөргө же кабыл алынган стандарттарга ылайык келүүсүнө баа берүү процесси;

**Мониторинг жана баалоо** – башкаруу субъектине башкарылуучу объектке эффективдүү таасир көрсөтүү максатында белгилүү бир объекттин ишине таасир этүүчү маалыматтарды системалуу чогултуу, сактоо, иштетүү, талдоо жана баалоо процесси;

**Милдеттеме** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын керектөөчүлөргө (юридикалык же физикалык жактарга) белгилүү бир сумманы кызмат көрсөтүүлөр/товарлар, жумуштар, жөлөкпулдар, компенсациялар жана башка акчалай төлөм түрүндө төлөп берүү же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык камсыздоо маселелерин, келишим милдеттенмелеринин. Ченемдик укуктук актыларды аткаруунун алкагында чечүү;

**Уюштуруу** – жергиликтүү маанидеги жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардагы маселелерди чечүүдө натыйжаларга жетишүүгө багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын уюштуруучулук-укуктук, уюштуруу-техникалык чараларынын жана тескөөчүлүк иш-аракеттеринин комплекси;

**Ыйгарым укук** – мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын белгилүү бир ишти жүзөгө ашыруу үчүн аларга жүктөлгөн функцияларды аткарууга багытталган КРнын Мыйзамдарында каралган укугу;

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башкаруу функциясы** – бул уюмдардын, ишканалардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өзүнө жүктөлгөн ыйгарым укуктардын чегинде жергиликтүү маанидеги меселени чечүү боюнча уюштуруучулук-укуктук, уюштуруучулук-техникалык, уюштуруучулук-тескөөчүлүк шарттарды түзүүгө байланышкан типтүү маселелерди чечүүдөн турган (пландаштыруу, жөнгө салуу, контролдоо), жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органынын туруктуу, циклдик түрдө кайталанып турган аракеттери;

**Башкаруу** – уюмдун максатына же конкретүү маселени чечүүгө багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан божомолдоо (прогноздоо), пландаштыруу, уюштуруу, мотивациялоо, координациялоо жана контролдоо процесси;

**Кызмат** – юридикалык жана жеке жактардын коомдук жыргалчылыкка муктаждыктарын канааттандырууга. Алардын кнституциялык укуктарын жана коом алдындагы милдеттерин ишке ашырууга багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракети.

## 2. Бул тартипти даярдоо жана ишке ашыруу этаптары

2.1. Бул тартип жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча айыл өкмөтүнүн төмөнкү иш-аракеттерин камтыйт:

- жергиликтүү маанидеги маселелерди пландаштыруу;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессин уюштуруу, жүзөгө ашыруу;
- жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишине мониторинг, баалоо, көзөмөл жүргүзүү.

2.2. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча милдеттерди жана чараларды пландаштыруу жергиликтүү жамаатын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын. Ошондой эле анын мекемелеринин/ишканаларынын жылдык иш пландарын иштеп чыгуу алкагында ишке ашырылат.

2.3. Жергиликтүү маанидеги өзүнчө маселени чечүүнү уюштуруу өзүнө жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча функцияларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, милдеттенмелерди иштеп чыгуу жана белгилөө боюнча иш-аракеттерди камтыйт.

2.4. Функциялардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, милдеттердин тизмесин түзүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы төмөндөгүдөй ырааттуу иш-чараларды жүзөгө ашырат:

№ 1 кадам – айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүү боюнча айыл өкмөтүнө жүктөлгөн функциялардын, кызматтардын, милдеттердин бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына талдоо жүргүзүлөт;

№ 2 кадам – айыл өкмөтү талдоолордун жыйынтыгынын негизинде айыл өкмөтүндө болгон ыйгарым укуктарына жана анын материалдык/финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келген функциялар, кызматтар/иштер, милдеттенмелер тандалып алынат;

№ 3 кадам – айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүүнүн планын иштеп чыгат. Жергиликтүү маанидеги бул маселени чечүү үчүн зарыл болгон функциялар, кызматтар, милдеттер пландан бөлүнүп белгиленет;

№ 4 кадам – айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүү боюнча функциялардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, милдеттердин тизмесин бекитүү үчүн жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоорун иштеп чыгат;

№ 5 кадам – жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык, кеңештин токтомунун долбоору жергиликтүү коомчулукка кеңири маалымат берүү менен коомдук талкуудан өтөт;

№ 6 кадам – жергиликтүү кеңеш жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча иш-милдеттердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, милдеттердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, милдеттердин тизмесин бекитүү үчүн кеңештин токтомун кабыл алат (жергиликтүү кеңештин типтүү токтомунун формасы 1-тиркемеде, жергиликтүү кеңештин токтомунун үлгүлөрү тиркемелеринде келтирилген).

2.5. Айыл өкмөтү жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүү боюнча тараптардын аракеттерин координациялоо жөнүндө чечим кабыл алат, ал төмөнкү чараларды камтыйт:

- жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча милдеттерди, чараларды жана кызмат адамдарынын ортосунда жоопкерчиликти бөлүштүрүү;
- кызмат көрсөтүүчүнү, иштерди аткаруу үчүн подрядчыны тандоо/дайындоо жол-жобосун/процедурасын жүргүзүү;
- көрсөтүлгөн кызматтын баасын аныктоо (зарыл болгон учурда);
- жарандардын айрым категорияларын кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөөдөн жарым-жартылай же толук бошотуу боюнча компенсациялык чараларды белгилөө (зарыл болгон учурда);
- жергиликтүү маанидеги маселени чечүүдө каржылоо жана материалдык колдоо булактарын аныктоо;
- жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүүгө байланышкан башка чаралар.

2.6. Ушул эреженин 2.5.-пунктунда көрсөтүлгөн чаралар жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүчү ченемдик укуктук акт түрүндө, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын чечимдеринин негизинде көрүлүшү мүмкүн.

## 3. Жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоо жана башкаруу процесстерине катышуусу

3.1. Бул тартиптин эрежелерин ишке ашыруунун бардык этаптарында жергиликтүү жамаат жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүү боюнча милдеттерди жана чараларды талкуулоого кеңири тартылат.
3.2. Айыл өкмөтү жергиликтүү жамаатка жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселеге карата аткарылып жаткан милдеттер жана чаралар жөнүндө кеңири маалымат берет. Аны маалыматтык такталарды пайдалануу, айылдык аймагынын веб-сайтына, социалдык тармактарга жана маалымат берүүнүн башка ыкмаларын колдонуу аркылуу жүзөгө ашырат.
3.3. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча демилгелөө, милдеттерди жана иш-чараларды талкуулоо процесстерине жарандарды тартуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын демилгелүү топторун, ошондой эле жергиликтүү маанидеги тиешелүү маселени чечүү үчүн айыл өкмөтүндө жумушчу топ түзүү сунушталат.
3.4. Айыл өкмөтү жергиликтүү жамааттын. Коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүн тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын иштеп чыгат жана бекитет.
3.5. Мониторингтин жана баалоонун натыйжалары жергиликтүү кеңеш тарабынан өз жыйналыштарында каралат.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ЧОҢ-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 94 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын расымдык иш-чараларды өткөрүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын расымдык иш-чараларды өткөрүү боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын расымдык иш-чараларды өткөрүү эрежелери бекитилсин, тиркелет.
2. Токтом Мыйзам чегинде каттоодон өткөрүлүп, юстиция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 4-июнундагы**
**№94 токтому менен бекитилген**

# Чоң-Алыш айыл аймагынын расымдык иш-чараларды өткөрүү ЭРЕЖЕЛЕРИ

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 13-пунктуна ылайык иштелип чыкты жана Чоң-Алыш айыл аймагында расымдык иш-чараларды өткөрүү, ошондой эле бейиттерди күтүү боюнча иштерди уюштуруу тартибин аныктайт.

2. Көрүстөндөрдү күтүүгө жана эксплуатациялоого, сөөктөрдү көмүүнү жана кайра көмүүнү уюштурууга, ошондой эле сөөк көмүү багытындагы объектилерге карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар бекитилген санитардык ченемдер жана эрежелер менен аныкталат.

3. Ушул Эрежелерде төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**сөөк көмүү (сөөк коюу)** - өлгөндүн сөөгүн жерге берүү (бейитке, көргө) же отко өрттөө (кремация) сөөктүн күлү бар кутуну көргө көмүү менен, санитардык, жаратылышты коргоочу, шаар куруу же башка эрежелерге жана ченемдерге каршы келбеген каада-салттар менен каза болгондун диний ишенимине, каалоосуна ылайык көргө коюу боюнча ырым-жырым иш-аракеттери;

**бейит** – каза болгонду же анын сөөгүн көмүүчү жай;

**көрүстөн** – каза болгонду же алардын сөөгүн көмүү үчүн атайын бөлүнгөн аймак;

**көрүстөндүн администрациясы (Чат-Базар жана Кара-Суу айылдардын айыл башчылары жана айыл өкмөтүнүн буйрук менен бекитилген кызматкери)** – көрүстөндү күтүү жана эксплуатациялоо боюнча уюштуруучулук-тескөөчү жана административдик-чарбалык иштерди аткарган жеке же юридикалык жак;

**өлгөндүгү анык деп каттаган органдар (айыл өкмөтү)** – жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоону ишке ашырган аткаруу бийлигинин жергиликтүү органдары.

## II. Көмүүгө жай бөлүү тартиби

4. Чоң-Алыш айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрүстөн жайгашкан жана ага арналган жалпы пайдалануудагы жерлерден айыл аймагынын каза болгон ар бир тургунуна же аталган айыл аймагында каза болгон туруктуу жашаган жери жок адамга көмүү үчүн алты чарчы метрден ашпаган жер участогу бекер бөлүнүп берилет.

5. Көрүстөндүн аймагы бейиттердин катарына бөлүнгөн жана бейиттердин участокторуна өтүүчү жолдор менен жабдылган участоктордон турат.

## III. Өлгөндөрдү көмүү тартиби

6. Өлгөндөрдү көмүү санитардык ченемдерге жана эрежелерге каршы келбеген каада-салттарга ылайык жүргүзүлөт.

7. Көрүстөндүн администрациясы жүргүзгөн төмөнкү маалыматтарды камтыган китепке ар бир көмүү катталат:

- сөөк коюунун жылы, айы, күнү;
- көрүстөндүн номуру;
- өлгөндүн фамилиясы, аты, атасынын аты (болсо);
- туулган жана өлгөн күнү;
- өлүмдүн себеби;

- өлгөндүгү жөнүндө күбөлүктүн номуру, датасы жана ким тарабынан берилгендеги;

- өлгөн адамдын жакын туугандарынын фамилиясы, аты, атасынын аты (болсо), дареги, туугандары жок болсо, көмгөн адамдын дареги же көмгөн уюмдун аталышы жана дареги.

8. Жакын туугандарынын өлгөндү (сөөктү) мурда каза болгон жакын тууганынын жанына көмүү каалоосу боюнча аталган мурда каза болгон жакын тууганыны көмүлгөн жерде бош жер участогу же бейит бар болгон учурда камсыз кылынат.

9. Табылган сөөктөрдүн туугандары же сөөк коюуну уюштурууну өз мойнуна ала турган адамдар жана мекемелер жок болгон учурда көмүү бюджеттик каражаттардын эсебинен өлгөндүгү анык деп катталгандан кийин Чоң-Алыш айыл өкмөтүнө жүктөлөт.

10. Эксгумация Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдук кодексинде каралган тартипте жүргүзүлөт.

11. Өзгөчө эпидемиялык кырдаалдар мезгилинде расымдык иш-чараларды өткөрүүгө чектөөлөр киргизилиши мүмкүн.

## IV. Бейиттерди долбоорлоо жана жайгаштыруу

12. Бейиттердин участокторунун ортосундагы аралык узун жагы боюнча 1 метрден кем эмес, ал эми кыска жагы – 0,5 метрден кем эмес аралыкты түзөт;

бейиттин тереңдиги кыртыштын мүнөзүнө жана жер астындагы суулардын деңгээлине жараша белгиленет жана жер бетинен табыттын капкагына чейин (бар болсо) 1,5 метрден кем эмес аралыкты түзөт. Бардык учурларда бейит үчүн белги жер астындагы суулардын деңгээлинен 0,5 метр бийиктикти түзөт;

өзгөчө кооптуу инфекциялардан өлгөндөр үчүн бейиттин тереңдиги 2 метрлик деңгээлде белгиленет, бул учурда түбүнө хлордуу акиташ 10 сантиметрден кем эмес катмарда жайгаштырылат;

ар бир бейитте жердин үстүнөн 0,5 метр бийик дөбө (мындан ары – бейит үстүндөгү дөбөчө) болот. Бейит үстүндөгү дөбөчө бейитти атмосфералык суулардан коргоо үчүн анын четтеринен чыгып турат.

## V. Сөөк көмүлгөн жайларды абаттоо жана аларды күтүү

13. Көмүүгө бөлүнгөн участоктун чегине төмөнкүлөргө уруксат берилет:

- бейит үстүнө эстеликтерди жана табигый таштан же бетондон курулмаларды, гүлзарларды жана отургучтарды орнотууга;

- бейитке гүлдөрдү, декоративдик бадалдан жашыл тосмону кийин кесип туруу менен отургузууга.

14. Бейиттерди андан ары тиешелүү тартипте күтүүнү жакын тууганы камсыздайт.

15. Эстеликтерди жана курулмаларды алмаштырууга, сөөк коюлган участоктун чегинен тышкары үстөлдөрдү, отургучтарды жана курулмаларды орнотууга жол берилет.

## VI. Корутунду жобо

16. Ушул Эрежелер, Эрежелерге өзгөртүүлөр, толуктоолор Чоң-Алыш айылдык кеңеши тарабынан бекитилет.

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин төрагасы** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 95 Манас айылы

**Ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагындагы ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө жобо бекитилсин, тиркелет.
2. Токтом Мыйзам чегинде каттоодон өткөрүлүп, юстиция башкармалыгына көчүрмөсү жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшепалиев**

Чоң-Алыш айылдык
кеңешинин 2025-жылдын
4-июнунун№ 95 токтому
менен бекитилди

**Ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 14-пунктуна ылайык иштелип чыкты жана ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү тартибин аныктайт.

2. Ушул Жободо төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

**ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участкаларды күтүү** - ирригациялык тармактарды, үй жана үй жанындагы участокторду, алардын айрым элементтерин тиешелүү техникалык, физикалык, эстетикалык абалда кармоо;

**жеке турак үй** - жеке турак жай куруу үчүн бөлүнүп берилген жер участогуна курулган, анын менчик ээлери же пайдалануучулар тарабынан жашоо үчүн пайдаланылуучу белгилүү бир жеке турак имараты;

**көп батирлүү үй** - эки же андан ашуун батирлери, ошондой эле жалпы пайдаланылуучу көмөкчү жайлары бар (жалпы пайдаланылуучу орун) турак жай имараты;

**үй жанындагы жер участогу (көп батирлүү үйдүн жанындагы жер участогу)** - бак-дарактарды, короо ичиндеги ирригациялык тарамды (магистралдык жана суу берүүчү каналдарды кошпогондо) жана тышкы жарыктандырууну, чарбалык, балдар жана спорт аянтчаларын, катуу турмуш-тиричилик калдыктарын чогултуу үчүн жабдылган аянтчаларды кошуп алганда үйгө жанаша жаткан аймакты өзүнө камтыган участок жана чек аралары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аныкталган башка участоктор;

**ирригациялык тармактар** - жерди сугарууга, суунун нугун буруута же агызууга арналган жасалма суу курулмалары.

## II. Ирригациялык тармактарды, үй жана көп батирлүү үйлөрдүн жанындагы жер участкаларын күтүү

3. Ирригациялык тармактарды, үй жана көп батирлүү үйдүн жанындагы жер участокторун күтүү боюнча иштерди уюштуруу көп батирлүү үйлөрдүн батирлеринин менчик ээлери же көп батирлүү үйлөрдү келишим боюнча башкаруучу/эксплуатациялоочу жактар тарабынан жүргүзүлөт.

4. Жеке автотранспортторду көп батирлүү үйлөрдүн жанындагы жер участокторунда, ошондой эле квартал ичиндеги аймактарда бир катар кылып коюуга жол берилет жана тазалоочу жана атайын техниканын тоскоолдуксуз жүрүшүн камсыз кылууга тийиш. Жүк

ташуучу автотранспортту, анын ичинде жеке унааларды гараждарга, унаа токтотуучу жайларга же автобазаларга гана коюуга уруксат берилет.

5. Көп батирлүү үйлөрдүн жанындагы жер участокторунда автотранспорт каражаттарын токтотуучу жайларды уюштурууда тигилген бак-дарактарды, тосуучу конструкцияларды, чакан архитектуралык формаларды бузууга жана (же) зыян келтирүүгө тыюу салынат.

6. Үйдүн жанындагы участоктогу унаа токтотуучу жайлар жана автотранспорттор:

1) балдар жана спорт аянтчаларына, эс алуу жайларына, көкмайсандарга, үйлөрдүн аркаларына, ошондой эле көп батирлүү үйдүн сырткы дубалынан 5 метрден жакын жайгаштырылбашы керек;

2) жөө адамдардын кыймылына, автотранспорттун жана атайын унаалардын (өрт өчүрүүчү, тез жардам, кырсыктан куткаруучу, тазалоочу) жүрүшүнө тоскоолдук жаратпаш керек.

7. Көп батирлүү үйлөрдүн батирлеринин менчик ээлери же көп батирлүү үйлөрдө келишим боюнча жашаган жактар сутканын караңгы мезгилинде көп батирлүү үйлөрдүн фасаддарын, кире бериштерин, имараттарын жана даректик тактачаларын (көчөнүн аталышынын, үйдүн, кирмелердин, батирлердин номурунун көрсөткүчү) тышкы жарыктандыруу менен камсыздайт.

8. Үй чырактары жана көп батирлүү үйлөрдүн кире беришиндеги шамчырактар Чоң-Алыш айыл аймагынын тышкы жарыктандыруу объектилери менен бир убакта жандырылат жана өчүрүлөт.

9. Көп батирлүү үйлөрдүн кире беришине урналар орнотулушу керек.

10. Үйдүн жанындагы участоктордогу жанжолдор, арыктар кардан, таштанды калдыктардан жана муздан жанжолдун туурасы толугу менен жабууга чейин тазаланат. Муз (кара тоңголок) пайда болгон учурда жанжолдорго кум себилет.

11. Үйдүн жанындагы участоктордон тазаланган таштандыларды жашоочулардын ден-соолуктарына зыян келтирилбеген, жөө адамдардын кыймылына тоскоолдук кылбаган жерлерге капка салып, озун байлап үйүүгө уруксат берилет.

Карды жана таштанды калдыктарды чогултууда тигилген бак-дарактарга зыян келтирүүгө жол берилбейт. Үйдө, үйдүн жанындагы участоктордо эриген кардын суусунун агып чыгышы каралышы керек. Үйдүн жанындагы участоктордон карды жана таштанды калдыктарды көчө-жол тарамдарынын объектилерине үйүүгө жол берилбейт.

12. Көп батирлүү үйлөрдүн чатырынын жөө адамдар жүрүүчү зоналарга караган каптал жактарын кардан, муздан тазалоо алардын пайда болушуна жараша кооптуу участоктордун тосмосун алдын ала орнотуу менен кечиктирилбей жүргүзүлүүгө тийиш жана күндүзгү убакта гана жол берилет. Жөө адамдар жүрүүчү зоналарга карабаган чатырдын капталдарынан, ошондой эле жалпак чатырлардан кар түшүрүү короо жактан жүргүзүлүүгө тийиш. Карды түшүрүүнүн алдынан адамдардын өтүү коопсуздугун камсыз кылган кооптуу участоктордун тосмосун орнотуу зарыл.

Чатырдан кар түшүрүүдө бак-дарактардын, бадалдардын, аба электр чубалгыларынын, байланыш чубалгыларынын толук коопсуздугун камсыз кылуу чаралары көрүлүшү керек.

13. Жай мезгилинде үйдүн жанындагы участоктор, анын ичинде короо ичиндеги жолдор жана жанжолдор чаңдан жана таштандыдан тазаланышы керек. Үйдүн, үйдүн жанындагы участоктун тазалыгы күнү бою сакталышы керек.

14. Бөлүнгөн жана ага чектеш аймактагы ирригациялык тармактар тазаланышы керек. Ирригациялык тармактарды, жаан суусунун канализациясын, үйдүн чатырындагы жана дубалдарындагы жаандын суусу агуучу тутумдарды, дренаждык арыктарды толтурууга жана булгоого тыюу салынат.

15. Көп батирлүү үйдүн сырткы фасаддарын, ички подъездерин, айланасын таза жана иреттүү кармоого, оңдоп-түзөө жана сырдоо иштерин жүргүзүүгө.

**III. Жеке курулуштагы ирригациялык тармактарды, үй жана үйдүн жанындагы жер участкаларын күтүү**

16. Жеке курулуш аймактарындагы турак үйлөрдүн менчик ээлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

а) аймакты үзгүлтүксүз тазалап турууга, таза жана иреттүү кармоого;

б) турак үйдүн фасаддарын, короодогу курулуштарды, тосмолорду таза жана иреттүү кармоого, өз убагында аларды оңдоп-түзөө жана сырдоо иштерин жүргүзүүгө;

в) короо сыртындагы чөбүн чаап турууга;

г) күндүн караңгы мезгилинде жарыктандыруучу чырактарды жандырууга (бар болсо);

д) бөлүнгөн жана жанаша аймактагы ирригациялык тармактарды тазалоого;

е) адистештирилген уюм менен КТКны ташып чыгарууга келишим түзүүгө, контейнердик аянтчаларга орнотулган контейнерлерге КТКны чогултууга;

ё) саркынды жана фекалдык суулардын кошулуп кетишине (аралашуусуна) жол бербөө үчүн жаан сууларын жабдуу жана күтүү;

ж) турак үйдө номурдук белги болушу керек жана аны тыкан абалда кармоого;

з) жанаша аймактан тазаланган карды жеке курулуштун аймагындагы квартал ичиндеги жолдор жана турак үйлөрдүн кире бериштери боюнча транспорттун өтүшүн, инженердик коммуникацияларга жана алардагы курулмаларга жетүүнү, жөө адамдардын өтүшүн жана тигилген бак-дарактардын коопсуздугун камсыз кылуу менен чогултууга;

и) жанаша аймакка отун, көң, кый, топурак, кум жана башка материалдарды түшүрүүдө жеткирилген материалдарды жеткирилген күндөн тартып 2 жуманын аралыгында жанаша аймактан алууга.

к) жанаша аймакта ар кандай транспорт техникаларын жол боюна токтотуп коюуга жол берилбейт.

17. Жеке үй ээликтеринин аймагында катуу тиричилик калдыктарын жана ири көлөмдөгү таштандыларды баштыктарда, каптарда же контейнерлерде ушул максатта атайын жабдылган жайларда убактылуу сактоого жол берилет.

18. Үйлөрдүн менчик ээлеринин, кожоюндарынын, пайдалануучуларынын ортосундагы келишимдин негизинде ири көлөмдөгү таштандыларды, катуу тиричилик жана башка калдыктарды жамааттык чогултууну жана ташып чыгарууну камсыз кылуу максатында калдыктарды жана таштандыларды чогултуу үчүн контейнерлерди жайгаштыруу үчүн жалпы контейнердик аянтчалар жабдылышы мүмкүн.

19. Жеке үй ээликтеринин жер участокторунун тосмолорунда көзгө көрүнгөн бузулуулар, булгануулар, жазуулар, мыйзамсыз көрүнөө маалыматтар болбошу керек. Жер участокторунун менчик ээлери, пайдалануучулары же ижарачылары тосмолорду өз каражаттарынын эсебинен оңдоп-түзөөгө жана калыбына келтирүүгө милдеттүү.

20. Жеке курулуш аймактарында төмөнкүлөргө тыюу салынат:

а) таштандыларды башкаруу схемасында каралбаган жерлерге чыгарууга;

б) ирригациялык тармактарды, жаан суусунун канализациясын, үйдүн чатырындагы жана дубалдарындагы жаандын суусу агуучу тутумдарды, дренаждык арыктарды толтурууга жана булгоого;

в) турак үйдүн менчик ээсине бөлүнгөн аймактан тышкаркы жерлерди өз алдынча жеке чарбалык жана башка муктаждыктар, анын ичинде таштандыларды, күйүүчү материалдарды, жер семирткичтерди топтоо, курулуштарды, улап салынган курулуштарды, гараждарды, жертөлөлөрдү куруу үчүн пайдаланууга;

г) жалпы пайдалануудагы аймактарга жана автомобиль жолдоруна жөө адамдардын, автотранспорттун, анын ичинде тез жардам, өрт өчүрүү, кырсыктан куткаруу кызматтарынын унааларын, таштандыларды ташып чыгаруу боюнча адистештирилген техниканын кыймылына тоскоол болгон объектилерди (шлагбаумдарды, ылдамдыкты азайтуучу тосмолорду кошкондо) өз алдынча орнотууга;

д) квартал ичиндеги жеке курулуш аймагындагы жолдорго атайын транспорттун жана тазалоочу техниканын жетишин кыйындаткан же тоскоол болгон тосмолорду орнотууга;

е) көлмөлөрдү, суу кудуктарын булгоого, суу чорголорун пайдалануу эрежелерин бузууга;

ё) кошуна аймактарды суу каптоого жол бербөө үчүн жеке турак үйлөрдү куруу үчүн жана жанаша аймактагы аянттарды кайра толтуруу аркылуу рельефтин деңгээлин өзгөртүүгө;

ж) бөлүнгөн аймактын чегинен тышкары тосмо орнотууга;

з) бөлүнгөн жана жанаша аймактарда жалбырактарды, калдыктардын түрлөрүн өрттөөгө;

и) бөлүнгөн аймактан тышкары транспорт каражаттарын жууга.

## IV. Корутунду жобо

20. Ушул Жобо, Жобого өзгөртүүлөр, толуктоолор Чоң-Алыш айылдык кеңеши тарабынан бекитилет.

Чоң-Алыш айылдык
кеңешинин төрагасы — Т. Бейшеналиев

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 96 Манас айылы

**"Чат-Базар айылына "МЕГА" компаниясынын антеннасын орнотуу боюнча"**

ЖАК "Альфа Телеком" Талас филиалынын башчысы Б.Н.Айтназаровдун Чат-Базар айылына "МЕГА" компаниясынын байланыш антеннасын орнотуу боюнча жазган кайрылуусун карап көрүп, талкуулап, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги Чат-Базар айылынын №585 чөйрө сызыгындагы жалпы 16 чарчы метр жер аянтына "Мега" компаниясынын байланыш антеннасын орнотууга макулдук берилсин.

2. "МЕГА" компаниясы менен ижара келишим түзүү Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына жүктөлсүн.

3. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 97 Манас айылы

Айылдык электрондук китепкана жөнүндө

Чоң-Алыш айыл аймагында электрондук китепкана уюштуруу боюнча талкуулап карап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагында электрондук китепкана ачууга айыл өкмөтүнүн бюджетинде акча каражатынын жок болгондугуна байланыштуу, № 7 айылдык китепканасынын электрондук китепканачысы Ж.Ж.Сагыналиев бир штат 2025-жылдын 1-июлунан тартып кыскартылсын.

2. Токтомдун аткарылышы Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июну № 98 Манас айылы

**Асанбек Оторбаевдин музейин салуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылындагы “Жеңиш” парктын түштүк тарабына Асанбек Оторбаевдин музейин салуу жөнүндө талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезексиз 7-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы А. Оторбаев атындагы “Жеңиш” паркынын түштүк тарабынын 200 чарчы метр муниципалдык жерге А. Оторбаевдин музейин курууга уруксат берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**